**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«13» 10 2021 -жыл. Протокол № 2
АТЭКтин директору ________ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН СТУДЕНТТИК АКАДЕМИЯЛЫК ТАЙПАЛАРЫНЫН КУРАТОРУНУН ЖОБОСУ

## Жалпы жобо

Студенттерди тарбиялоо колледждин ар бир окутуучусунун кесиптик милдети жана коом алдындагы инсандык парзы. Студенттик тайпада жүргүзгөн куратордун иши окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгү составдык бөлүгү болуп эсептелет. Колледжде билим алуу менен бирге тарбиянын ар кыл багыттары боюнча студенттерди инсандык калыптандыруу процесси жүрөт. Ар бир студенттин колледждеги кеңешчиси. жакын адамы - бул куратор. Кураторлук жумуш студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүү көрсөткүчтөрүн жогорулатат. Кураторлук саат тайпадагы студенттерди үзгүлтүксүз тарбиялоонун негизги каражаты катары эсептелинет. Тайпадагы студенттердин күнүмдүк билим алууга болгон мамилеси, тартиби кураторлук саатта жумасына бир жолу жыйынтыкталып, көзөмөлдөнүп турат. Натыйжада студенттердин билим алууга болгон жоопкерчилиги күчөп, андан ары пландуу өнүгүүгө кадам ташталат.

1. АТЭКтин администрациянын студенттик тайпадагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп куратор эсептелет. Ал тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет;
2. Кураторлук жумуш колледждеги окуу-тарбия иштеринин бир бөлүгү болуп эсептелет жана окутуучу тарабынан жекече иш план түзүлүп, ага жоопкерчиликтүү мамиле жасалат:
3. Куратор окуу жылынын башында 1-курстан баштап билим алуунун мөөнөтү аяктаганга чейин студенттик тайпага бекитилет;
4. Кураторлук жумуштун бир бөлүгү катары - **кураторлук саат.** Ал колледждин окуу жүгүртмөсүнө жуманын алгачкы күндөрүнө коюлуу аркылуу жумасына (кварталына) бир жолу студенттик тайпада өткөрүлөт;
5. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары кураторлордун ишмердүүлүгүн координациялайт, көзөмөлдөйт жана жетектейт;
6. Цикл башчы окутуучунун кураторлук ишмердүүлүгүн уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү;
7. Куратор өз ишин тарбия иштери боюнча директордун орун басары макулдугу жана циклдын бекитүүсүнөн өткөн атайын иш планга ылайык жүргүзөт:
8. Колледжде студенттердин тарбиясына. окуу-тартибине болгон жоопкерчиликти куратор өз мойнуна алат (окуу учурунда). Куратордун отчету ар бир семестрдин аягында Циклдын жыйынында тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын катышуусу менен угулат;
9. Куратор студенттик тайпага жыл бою жүргүзгөн тарбиялык иштерин кураторлук журналга жазып жүрүүгө тийиш. Кураторлук журнал отчеттук документ болуп саналат;
10. Кураторлорго директор жана ректорат тарабынан сыйлыктар берилип турат:

## Куратордун милдеттери

1. Колледждин тарбия иштери боюнча окуу жылынын комплекстүү иш планына жана цикдын тарбиялык иш чараларынын планына ылайык: окуу жылына . иш план түзүү жана бекиттирүү;
2. Студенттик тайпанын окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүктөрүнө жыл бою кеңүл бөлүү;
3. Тайпанын активдерин (староста, сектор башчылары) демократиялык негизде

дайындоо;
4. Тайпанын активдери менен тыгыз байланышта болуу жана аларды өз алдынчалыкка үйрөтүү;
5. Тайпанын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн иликтөө: студенттердин жатаканалардагы, үйлөрдөгү турмуштук-жашоо шарттарын, алардын социалдык абалын, кызыгууларын, жүрүм-турумун, бош убактысын эмне менен өткөзөөрүн куратор билүүгө тийиш;
6. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөл кылуу:
7. Сабактарга катышуусу жана жетишүүсү начар студенттердин конкреттүү себептерин аныктоо жана аларга өз убагында усулдук-уюштуруучулук жагынан жардам көрсөтүп туруу;
8. Студенттердин колледжге ыңгайлашуусуна (адаптациялануусуна) жакындан жардам берүү;
9. Тайпанын студенттерин окуу планы, колледжин ички тартип эрежелери, экзамен-зачетторду тапшыруулардын эрежелери, билимди баалоонун рейтинг системасы менен тааныштыруу;
10. Өлкөдөгү, университеттеги, колледждеги жана циклдагы маанилүү жаңылыктар, буйруктар, мыйзамдар менен тайпанын студенттерин кабардар кылып туруу;
11. Тайпанын студенттерин олимпиадаларга, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге, интеллектуалдык таймаштарга активдүү катыштыруу;
12. Студенттерди илимий-иликтөө иштерине кызыктыруу жана жардам берүү:
13. Окуудан четтетилген студенттерди кечиктирбестен ата-энесине кабарлоо;
14. Тайпадагы ынтымактуулукту камсыз кылуу. Өзүнүн кызыкчылыгы менен жамааттын кызыкчылыгын айкалыштыра алган жамаатчыл инсанды тарбиялоо:
15. Студенттин жүрүм-турумундагы терс көрүнүштөрдү жоюу:
16. Студенттерди өзүн - өзү тарбиялоосуна, өзүнүн үстүнөн иштөөсүнө, бош убактысын пайдалуу нерселерге жумшоосуна усулдук жардам көрсөтүү:
17. Студенттердин окуу программаларын өздөштүрүүсү тууралуу окутуучулар менен куратордун педагогикалык кызматташуусу;
18. Студенттерди Мекенин, университетин, кесибин сүйүүгө тарбиялоо:
19. Мамлекеттин, университеттин, колледждин символдорун (гимн, герб, желегин) урматтоого тарбиялоо;
20. Студенттердин дүйнөгө болгон көз караштарын кеңейтүү максатында кураторлук сааттарда саясий, маданий, экономикалык жаңылыктарды, ар түрдүү тарбиялык багыттагы темалар боюнча ангемелешүүлөр, талкуулар, докладдарды уюштуруу;
21. Окуу-тарбия процессинде студенттердин кесиптик билим алуусуна приоритеттүү маани беруу, ошону менен бирге аларды маданияттуулукка, интеллигенттүүлүккө тарбиялоо, коомдогу активдүүлүгүн жана коздукка болгон табитин өнүктүрүү, коом алдында жарандык өсүп жетилүүсүн жана жоопкерчилигин калыптандыруу;
22. Шаардын, университеттин жана колледждин коомдук маданий-массалык иш чараларына тайпаны активдүү катыштыруу:
23. Шаардын маданий жайларына саякат жасоо: музейлерге, кино, театрларга тайпанын студенттерин алып баруу;
24. Ата-энелер менен педагогикалык кызматташуу (ата-энелер чогулушу, кат алышуу ж.б.), аларга студент жөнүндө чыныгы маалыматтарды билдирип туруу;

25. Тайпадагы студенттердин окуу келишим акысын өз убагында төлөтүү;

**Куратордун укуктары**

1. Студенттик тайпанын бардык сабактарына катыша алат. Зарыл учурларда экзамен менен зачеттерго да катышууга укуктуу:
Студенттик тайпага окуу-усулдук иштерин жакшыртуу сунушу менен циклга кайрылууга;
2. Окутуучулардан өзүнүн тайпасындагы студенттердин окуусу, тарбиясы жөнүндө маалымат алууга;
3. Университеттин жатаканаларындагы жашоо-шарттардын, тарбиялык иштердин жакшыртуусу боюнча ректоратка, директорго маселе көтөрүп чыгууга;
4. Студенттердин окуп-тарбиялануусуна, терең билим алуусуна тиешелүү шарттарды түзүү боюнча циклга, ректоратка кайрылууга;
5. Студенттерди окуудан четтетүү, которулуу, кайра кабыл алуу боюнча администрациясынын чечим чыгаруусуна катышууга;
6. Куратор өзүнүн алгылыктуу, жаңычыл иш тажырыйбасын башкаларга жайылтуу боюнча колледжге массалык маалымат каражаттарында үгүттөөгө;
7. Тайпадагы студенттерди академиялык, социалдык стипендияларга, сыйлыктарга сунуштоого;
8. Тайпанын активдүү студенттерин факультеттин студенттик өзүн - өзү башкаруу структурасына сунуштоого;
9. Студенттерге мүнөздөмө жана жүрүм-турумуна баа берүүгө;
10. Тайпанын чогулуштарында студенттерге эскертүү сөгүш жарыялоого жана окуу келишимдик акыны төлөбөгөн, академиялык карыздары бар, коомго терс жүрүм-турумдардан арылбаган студенттерди окуудан четтетүү тууралу деканатка сунуш берүүгө;

**Куратордун документтери**

1. Колледждин студенттик тайпалардын кураторлору жөнүндөгү жобо;
2. Куратордук журнал (өзү даярдайт);
3. Тарбиялык иштердин пландары;
4. Куратордук сааттардын протоколдору;
5. Кыргыз Республикасынын жана НМУнун гимни (тексти жана музыкасы);
6. Кыргыз Республикасынын жана НМУнун символдору (герб (лого), желеги);
7. Студенттер жөнүндө маалыматтар: аты-жөнү, туулган жылы-күнү, улуту, жарандуулугу, ата-энесинин жашаган жери, телефондору, студенттин жашаган дареги, телефондору;
8. Тайпадагы студенттердин окуу программасын өздөштүрүүсү жөнүндө маалымат (ар бир семестрдеги);
9. Тайпадагы студенттердин окуу келишимдик акысын төлөгөндүгү жөнүндө маалымат:
10. Ата-энеси жок студенттердин тизмеси;
11. Майып студенттердин тизмеси;
12. Чет өлкөлүк студенттердин тизмеси;
13. Жатаканада жашаган студенттердин тизмеси;
14. Үйлөрдө жашаган студенттердин тизмеси;
15. Үй - бүлөлүү студенттердин тизмеси;

16. Окуунун мыктыларынын тизмеси;
17. Спортсмен, таланттуу студенттердин тизмеси;
18. Жетишүүсү жана катышуусу начар студенттердин тизмеси;
19. Кураторлук иштердин отчету.

**Студенттик тайпалардын кураторлоруна көрсөтмө**

(кураторлор учун усулдук-көрсөтмө 20___-жылы НМУнун жаштар саясаты жана мамлекеттик тил проректорлугу тарабынан иштелип чыккан)

**Куратор ким? (кураторлорго мүнөздөмө)**

**Куратор - маалымат берүүчү-** Негизги милдеттеринин бири - колледжде болгон маалыматты (жаңылыктар, буйруктар, эрежелер, жоболор ж.б.) тайпанын студенттерине өз убагында жеткирип туруу.

**Куратор - уюштуруучу.** Тайпанын бардык иш-аракеттерин уюштурат: окуу жайдын иш чараларына тайпаны катыштыруу, маданий эс алуулар (театр, кино, кечелер) жана тайпада пайда болгон конфликттерди чечүү жоопкерчилиги да моюнуна жүктөлөт.

**Куратор - психолог.** Студенттин көйгөйлөрүн жүрөгү менен кабыл алып, алардын жан дүйнө сырларын угуп, туура кеңеш берүүгө аркет кылат. Студентти психологиялык жактан көтөрмөлөп, оптимисттик маанай жаратып, турмушта активдүү жашоого дух берет.

**Куратор - ата-эне.** Студенттердин ата-энеси, туугандары алыста болгондугуна байланыштуу аларды сабакта жана сабактан сырткаркы аракеттерин байкоого алып көзөмөл жасайт, талап коет. Студентке ата-энесинен кем эмес күйүп-бышат.

**Куратор - жолдош.** Тайпадагы студенттердин эмне менен жашап жатканына кызыгып, ар кандай жагдайларда тайпа менен бирге болот. Куратор студенттер менен сырдаш болууга кажет. Студенттер кураторду тайпанын бир мүчөсү катары кабыл алып калышы керек.

**Куратор - көзөмөлдөөчү.** Университеттеги, факультеттеги студенттерге жакындан көзөмөл жасай турган адам. Лекторлор, окутуучулар сабагын өтүп, журналга баа коюп кете берет. Бирок студенттердин сабакка келген келбегенин, кандай окуп жаткандыгын көзөмөлдөп, жыйынтык чыгарып туруучу университеттин өкүлү - бул куратор, ошондуктан ал студенттин сабакка катышуусун, жетишуусун жана жүрүм-турумун дайым көзөмөлгө алып турат.

**1. Кураторго коюлуучу кесиптик талаптар**

1.1. Окуу жылы бою тайпа менен бирге болуу: студенттердин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берип, тайпа ичинде достук, ынтымактыкты жаратуу, ар бир студенттин инсандык сапаттарына кызыгуу;

1.2. Студенттердин сабактарга катышуу, жетишүүсүн көзөмөлдөө: аны тайпа журналынан жумасына бир жолу текшерүү жана артта калган студенттерге тарбиялык таасир көрсөтүү, бул боюнча тиешелүү окутуучулар менен сүйлөшүп туруу;

1.3. Тайпа студенттерин илимий изилдөө иштерине кызыктыруу;

1.4. Ар бир студенттин кандай шартта жашап жаткандыгынан, ден соолугунан кабардар болушу керек;

1.5. Студенттер менен жекече иш алып баруу: студенттин терең билим алууга болгон мамилесин байкоо, анын окутуучулар жана тайпалаштары менен кандай мамиледе

экенине чейин көңүл буруу;
1.6. Ата-энеге студенттин сабакка катышуусу, жетишүүсү, анын окуу жайдагы жүрүм-туруму боюнча маалымат жеткирип туруу;
1.7. Тайпанын студенттерине саясий-укуктук, патриоттук-жарандык, адеп-ахлактык, экономикалык, эмгектик, экологиялык, жыныстык жана эстетикалык тарбия берүү. Өзгөчө коомдук жайларда, университетте студенттин өзүн туура алып жүрүүсү: сырткы көрүнүштөрүнө көзөмөл кылуу, кеңеш берүү; ошону менен бирге маданиятка. искусствого болгон кызыгуусун арттыруу;
1.8. Куратор окуу жылынын башында жылдык иш план түзүп алуусу зарыл. Иш пландын мазмуну окуу жана тарбиянын багыттарын өз ичине камтып түзүлүүсү керек

## 2. Куратордун иш тартиби

2.1. Куратордун биринчи иш күнү:

- тайпанын студенттери менен таанышат.
- колледждин салтанаттуу жыйынына тайпа менен катышат.
- студенттерди жүгүртмөсү менен тааныштырат.
- сабак берүүчү окутуучулар менен тааныштырат.
- колледждин имараты, аудиториялар менен тааныштырып чыгат.
- студенттерге колледждин ички тартиптери, окууга жоопкерчиликтүү мамиле жасоо,

Окуу жабдууларын (компьютер, окуу куралдары ж.б.) туура колдонуу жөнүндө айтып берет.

Куратор 1-сентябрь, окуунун биринчи күнү, студент менен канчалык көп убакыт бирге болсо, бул студенттин колледжге тез ыңгайлашуусуна жакшы жардам берет жана алар өздөүн ишенимдүү сезе баштайт.
2.2. Университет, колледж менен тааныштыруу
Студенттерге колледж, университет (тарыхы, традициялары, өзгөчөлүгү, студенттерге коюлуучу талаптар ж.б.) жөнүндө айтуу биринчи күндөн эле башталат.
Муну төмөнкүдөй жол аркылуу да тааныштыруу мүмкүн:
-тайпа менен маек куруу жана колледж, университет жөнүндө кандайдыр бир фильм коюп берүү;
- Колледждеги жана университеттин башка кызыктуу жерлерине экскурсияга алып чыгуу (НМУнун башкы корпусу, борбордук китепкана. эс алуу жайы ж.б.):
-университеттин, колледждин студенттин өзүн - өзү башкаруу курамдары, борборлору, ийримдери, коомдук маданий-массалык иш чаралары, салттуу кароо- сынактары менен тааныштыруу;
-колледждин админстративдик түзүлүштөрү жөнүндө айтып берүү;
- студенттердин укук, милдеттери, колледждин уставы жөнүндө маалымат берүү;
- китепканачылар менен жолугушуу (окурмандык билетти толтуруу, окуу залында өзүн кандай алып олтурушту үйрөтүү ж.б.) уюштуруу.
2.3.Тайпа активдерин шайлоо.
Тайпа активисттери биринчи күндө эмес, сентябрь айы ичинде тандалат. Бул убакытка чейин убактылуу староста иштеп турат. Куратор активисттер эмне иштерди аткарат жана

алардын укук, милдеттери туурасында тайпанын көзүнчө тааныштырат. Шайлоону куратор же убактылуу болгон староста куратордун катышуусу менен жүргүзө алат. Шайлоо алдында талапкер жөнүндө маалымат берилип, анын каалоосу менен коюлат. Студент да өз ыраазычылыгы менен шайлоого укуктуу. Ошону менен бирге шайланган студенттин иштеген ишинин жыйынтыгы жыл аягында, өзгөчө шартта каралат. Эгер активисттердин ишмердүүлүгү тайпаны канааттандырбаса, кайра шайлоо жүргүзүлөт.

2.4. Куратордук саат.

Куратордук саат жумасына бир жолу өтүлөт. Алгачкы айда жумасына бир нече жолу өтүүгө да болот. Куратордук саатта:

- студенттердин сабактарга катышуусу, жетишүүсү боюнча жумалык жыйынтык чыгаруу, артта калган студенттер менен жекече сүйлөшүү, окуудагы маселелерин чечүүгө жардам берүү;
- тайпадагы күндөлүк маселелерди, көйгөйлөрдү чечүү;
- мезгилдин актуалдуу суроолорун талкуулоо (дүйнөдөгү, өлкөдөгү, колледждеги жаңылыктар, буйруктар, эрежелер, жоболор менен тааныштыруу);
- тарбиялык мааниси бар бир тема боюнча талкуу уюштуруу;
- университеттин, колледждин коомдук иш чараларына тайпанын катышуусун камсыз кылуу жана көзөмөлдөө.

2.5. Тайпа менен бирге иш чара уюштуруу.

Куратордук саттан сырткары окутуучулар өз тайпасы менен биргеликте факультетте, университетте уюштурулган иш чараларга активдүү катышуусу керек. Ошондой эле, куратор тайпа ичинде, курстар арасында ар кандай иш чараларды уюштурат. Булар:

- Нарын шаарынын маданий жайларында: театрда, кинодо, музейде жана көргөзмөлөрдө болуу;
- спорттук мелдештерге катышуу же күйөрман болуу;
- интеллектуалдык оюндарды, дискуссияларды жана талкууларды уюштуруу;
- майрамдарда дубал газета чыгаруу;

Укук бузуулардын алдын алуучу иш чаралар, тайпаны төмөнкүлөр менен тааныштыруу:

- колледждин уставы,
- студенттин укук, милдеттери,
- колледждин ички тартиби менен тааныштыруу,
- ректордун буйруктары, жоболор, эрежелер, билим берүү мыйзамдары:
- социалдык жактан жардамга муктаж (ата-энеси жок, майып) студенттерге жардам алып беруу, жашоо-жай маселесине (жатакана) көмөктөшүү;
- тайпанын ынтымагын арттыруучу иш-чараларды уюштуруу: жаратылышы кооз жерлерге саякаттоо, туулган күндөрдү белгилөө;
- университеттик, колледждин, шаар аралык иш чараларга активдүү катышуу (илимий, маданий-массалык, спорттук ж.б.).

2.6. Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча иш алып баруу

Ар бир семестрдин аягында тайпа менен атайын жыйын уюштурулуп. төмөнкүлөргө токтолот:

- катышуу,
- жетишүү,
- студенттин социалдык активдүүлүгү,

- жылдын аягында тайпа активин кайра шайлоо ж.б.

## 3. Куратордун журналы

3.1. Куратордун студенттик тайпага тарбиялык иш жүргүзгөндүгүн чагылдыруучу негизги документтердин бири болуп кураторлук журнал саналат. Жыл ичиндеги аткарылган тарбиялык иштердин мазмуну журналга жазылып турулууга тийиш. Иштин ар кайсы багытына карап өзүнчө журнал бетинен орун берилет;
3.2. Журналда студенттердин тизмесинен сырткары билим берип жаткан окутуучулардын тизмесин, окуу жүгүртмөсүн өз ичине камтыйт;
3.3. Студенттердин өздүк баракчалары сентябрь ичинде толтурулат, кошумча маалыматтар жыл ичи толукталат;
3.4. Университеттин. колледждин иштерине тайпанын катышуусу (ишембиликке чыгуу, маданий-массалык иштер ж.б.) түшүрүлөт;
3.5 Тайпа ичиндеги иштер ( кечелер. музей, театрга баруу, табиятка чыгуу ж.б.) жазылат:
3.6. Студент жана анын ата-энеси менен жекече иш алып баруусу;
3.7. Студенттердин илимий иштери (дипломдук иш, курстук иш, реферат, лабораториялык жана текшерүү иштери, илимий макалалары) жөнүндө маалымат;
3.8. Тайпанын ар бир студентине аналитикалык эскертүүлөр, байкоолор жазылат:
3.9. Семестр ичиндеги студенттердин сабактарга катышуусунун жана сессиянын жыйынтыгы жазылат;
3.10. Тайпадагы студенттердин келишимдик акыны төлөгөндүктөрү жөнүндөгү маалыматтар;
3.11. Ар бир кураторлук сааттардын өтүлгөн күнү, айы, сааты, тарбиялык тема, эмне маселелер талкуулангандыгын жазуу:
3.12. Эгер тайпада ата-энеси жок, майып, турмуш шарты оор студенттер болсо өзүнчө бөлүп жазуу жана аларга кандай жардамдар көрсөтүлгөндүгүн белгилөө:
3.13. Тайпадагы ар бир студент бош убактыларын эмне менен өткөзүп (спорт менен машыгуу, бий үйрөнүү, дебат клубдарына катышуу, тил үйрөнүү, интернетте олтуруу, китепканада болуу ж.б.) жаткандыгын жазуу;
3.14. Журнал студенттер окууну бүткөнгө чейин колледжде сакталат.

## 4.Куратордун отчету

4.1. Семестрдин аягында куратор отчет түзүп, аны директордун тарбия иштери боюнча орун басарына тапшырат.

Куратордун аты-жөнү

Адистиги **_____________________________________** курсу **_________**тайпасы

| № | Критерийлер | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| **I. Тайпа жөнүндө жалпы маалымат** | | |
| | Тайпанын окуу жыл башындагы саны<br>Жыл ичинде (семестрде) окуудан чыгарылгандар | |
| | Тайпага социалдык мүнөздөмө (айылдык, шаардык, аз камсыз болгон үй-бүлөө, жыныстык өзгөчөлүгү) ж.б. | |
| | Окуу жыл ичинде (семестрде) өткөрүлгөн куратордук сааттардын, чогулуштардын мазмуну, темалары | |
| **II. Студенттердин сабакка жетишүүсүү** | | |
| 1. | Студенттер окуу жыл ичинде (семестрде) окуган сабактардын аттары, модулдардын жыйынтыктары | |
| 1.2. | Сессияны ийгиликтүү тапшырган студенттердин саны<br>- «эң жакшы»<br>- «жакшы» жана «эң жакшы»<br>- башка баалар | |
| 1.3. | Сессиядан карызы барлардын саны | |
| **III. Студенттердин илимий изилдөө иштери** | | |
| 1 | Илимий изилдөө иштери менен конференцияларга, конкурстарга, олимпиадаларга катышкан студенттердин саны:<br>- ЖОЖдун ичинде<br>- Шаар ичинде<br>- Шаарлар аралык<br>- Республикалык<br>- Эл аралык | |
| 2 | Илим изилдөөчү топторго, секцияларга, ийримдерге катышкан студенттердин саны | |
| | Ар түрдүү илимий иш чаралардын жыйынтыгында грамота, диплом, сертификат жана башка сыйлыктарды, байгелүү орундарды утуп алган студенттердин саны | |
| **IV. Тайпанын маданий-массалык иш-чараларга катышуусу** | | |
| 1 | Төмөнкү иш чараларга катышкан студенттердин саны:<br>- Тамашоу<br>- «НМУ таланттары» фестивали<br>- Билим куну<br>- «НМУ мырзасы»<br>- «НМУ периси»<br>- «НМУнун идеалдуу түгөйү»<br>- «Билим ордо»<br>- НМУ жазы | |
| | Башка факультеттик иш чараларды атагыла | |
| 2 | Чыгармачыл топторго, кружокторго катышкан студенттердин | |

| | | |
|---|---|---|
| | саны | |
| 3 | Маданий-массалык иш чараларга катышуунун жыйынтыгында грамота, диплом жана атайын сыйлыктар менен сыйланган | |
| **V. Тайпанын спорттук мелдештерге катышуусу** | | |
| **1** | Спорттук мелдештерге катышкан студенттердин саны<br>- факультет ичинде<br>- факультеттер аралык<br>- Облуста, шаарда<br>- Республика боюнча | |
| **2** | Тайпада спорт менен машыккан студенттердин саны<br>- Спорттук секцияда<br>- Спорттук клубдарда | |
| **3** | Спорттук мелдештерден сыйлык алган студенттердин саны | |
| **VI. Медициналык жыйынтыктардын көрсөтмөсү** | | |
| **1** | Медициналык**:**<br>- Медициналык кароолор<br>- профилактикалык эмдөөлөр<br>- флюрографиядан өткөндөр<br>- майыптар, оорукчандар | |
| **VII. Башка иш чаралар** | | |
| **1** | Тайпанын студенттик активин түзүү  (старостаны шайлоо ж.б.) | |
| **2** | Ата-энелер менен иштешүү | |
| **3** | Майрамдык даталарды белгилөө | |
| **4** | Иш пландын аткарылышы:<br>- Студенттерге жүргүзүлгөн тарбиялык иштерге талдоо жасоо: өткөрүлгөн иш чаралар, аңгемелешүүлөр, куратордук сааттар кандай жыйынтык берди.<br>- Ата-энелер менен иштөө өз жыйынтыгын бердиби ж.б. | |

4.2. Отчетту текст, таблица, графика түрүндү берүүгө болот.

Куратордун бирден бир эң маанилүү милдети - студент үчүн эң башкы нерсе окуу экенин түшүндүрүү жана аларды тынымсыз билим алууга көнүктүрүү. Куратордон бул милдетти ишке ашыруу үчүн көп кырдуу ишмердүүлүк жасоо талап кылынат: студенттер менен жекече иштөө, аңгемелешүүлөр, белгилүү адамдардын кеп-кеңештерин уюштуруу жана студенттерди жакындан көзөмөлгө алып, ар бир сабак калтырган, ар бир сабакка даярдыгы жок келгендерин көз жаздымда калтырбай кандайдыр бир тарбиялык чаралар көрүлүп, окууга болгон талап катуу коюлуп туруусу кажет. Адилеттүүлүк, кайрымдуулук, катуулук - бул куратордун башкы сапаттарынан болушу керек. Бирок катышуу-жетишүүнү карап гана чектелбестен, студентти окууга үйрөтүп, студенттик жашоого көнүгүүсүнө жардам бериши керек. Куратор өзүнүн тажрыйбасы аркылуу 1-курсттарга, кечээги мектеп окуучуларына, алар билбеген

китепканада отуру, лекция жазуу, адабияттарды конспектилөө семинардык сабактарга даярдануу ж.б.у.с. үйрөтөт.

Ошондой эле тайпаны достоштурат. Ынтымактуу. бирдиктүү тайпа студентке гана эмес, университет, колледж үчүн да ийгилик алып келет. Жыйынтыгында, куратордук жумуш - куратордон туруктуу аракетти, педагогикалык билим-жөндөмдүү жана жан дүйнө тазалыгын талап кылат.